САДЫР ЖАПАРОВ:

# «КЫРГЫЗСТАН АЗЕРБАЙЖАНДЫ ИШЕНИМДҮҮ ДОС ЖАНА ӨНӨКТӨШ ДЕП ЭСЕПТЕЙТ»

11-октябрда Бишкек шаарында Кыргызстандын президенти Садыр Жапаров менен өлкөгө мамлекеттик сапар менен келген Азербайжандын президенти Ильхам Алиевдин расмий жолугушуу аземи болуп өттү.



«Ала-Арча» мамлекеттик резиденциясында мрамор чатырдын астында Кыргызстандын жана Азербайжандын мамлекеттик желектери илинип, ардак караол тизилип, килемдер төшөлдү.

Мамлекет башчыларынын өз ара саламдашуусунан кийин Азербайжан менен Кыргызстандын мамлекеттик гимндери жаңырды. Өлкө башчылары ардак караол ротасынын командиринин рапортун кабыл алып, катарды айланып өтүштү.

Андан соң Садыр Жапаров менен Ильхам Алиев расмий делегацияларын тааныштырышып, ардак караолдун аскер кызматчылары мамлекет башчыларынын алдынан өтүштү.

Биргелешкен сүрөткө түшүү аяктагандан кийин өлкө лидерлери Кыргызстан менен Азербайжандын ортосундагы Мамлекеттер аралык кеңештин биринчи жыйынынын тар курамдагы отурумуна катышуу үчүн залга өтүштү.

«Кыргыз Республикасы эки өлкөнүн ортосундагы мамлекеттер аралык мамилелерди өнүктүрүүгө өзгөчө маани берет жана Азербайжанды ишенимдүү дос жана өнөктөш деп эсептейт», — деп билдирди президент Садыр Жапаров Кыргызстан менен Азербайжандын ортосундагы мамлекеттер аралык кеңештин биринчи отурумунда сөз сүйлөп жатып.

Ал кыргыз-азербайжан кызматташтыгы ыкчам өнүгүп жатканын, эки өлкөнүн ортосунда эч кандай саясий карама-каршылыктар жок экенин терең канааттануу менен баса белгиледи.

«Биз саясый диалогду бекемдөөгө, экономикалык тыгыз байланыштарды түзүүгө жана өнүктүрүүгө, анын ичинде ири инвестициялык долбоорлорду биргелешип ишке ашырууга, эл аралык аянтчаларда өз ара жигердүү алака-катышта болууга, ошондой эле мындан ары маданий-гуманитардык кызматташтыкты өнүктүрүүгө багыт алдык.

Соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташтык чөйрөлөрүндө келечектүү жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылууда. Ошону менен бирге бир катар актуалдуу эл аралык жана аймактык маселелер, анын ичинде тынчтыкты сактоо, коопсуздукту камсыздоо жана жаңы чакырыктар менен коркунучтарга каршы күрөшүү боюнча толук өз ара түшүнүшүү жана орток позициялар бар», — деди ал.

Садыр Жапаров эки тарап биргелешкен күч-аракет менен эл аралык уюмдардын жана аймактык бирикмелердин алкагында конструктивдүү кызматташууну мындан ары өнүктүрө аларына ишенимин билдирди.

«Эки өлкөнүн ортосундагы кылымдардан бери келаткан жалпы тарыхка, каада-салтка, тилге жана маданий-руханий мурастарга негизделген достук байланыштар менен боордоштук мамилелер мындан аркы өнүгүүгө өбөлгө болуп берерине эч шегим жок.

Бүгүн кол коюлган документтер өлкөлөрүбүздүн ортосундагы кызматташтыкты андан ары да кеңейтип, бекемдейт деп ишенем», — деп сөзүн жыйынтыктады президент Садыр Жапаров.

# «АЛТЫНКЕН» ИШКАНАСЫ КЕМИНДИН МУГАЛИМДЕРИН КУТТУКТАДЫ

«Алтынкен» ЖЧКсы райондук мектептердин мугалимдерин кесиптик майрамы – Мугалимдер күнү менен куттуктады.










2022-жылдын 6-октябрында Кемин райондук маданият үйүндө Мугалимдер күнүнө арналган салтанаттуу иш-чара болуп өттү. Залга райондун бардык аймактарынан 300дөн ашык мугалим чогулушту. Бул майрамдын мугалимдерин жана конокторун шыктуу кийинген мектеп окуучулары тосуп алып, шарлар менен узатышты.

Бул күнү мугалимдер күнүнө карата мектептердин чыгармачылык жамааттары тарабынан концерттик программа болду.

Иш-чаранын салтанаттуу бөлүгү райондун мыкты мугалимдерин жана мектептерин сыйлоо аземи менен коштолду.

Компаниянын жетекчилигинин атынан жооптуу кызматкери Жумгалбек Дүйшебаев «Алтынкен» ЖЧКсынын атынан райондун жалпы мугалимдерин кесиптик майрамы менен куттуктап, өсүп келе жаткан муундарды окутуу жана тарбиялоодогу кужурмөн эмгектерине ийгиликтерди каалады.

Ал өз сөзүндө мугалимдердин эмгеги үчүн ыраазычылык билдирип, ишкананын кызматкерлеринин басымдуу бөлүгүн райондогу мектептердин бүтүрүүчүлөрү түзөрүн белгиледи.

Ал күнү «Алтынкен» ЖЧКсы да мугалимдер үчүн адаттан тышкары, бирок абдан керектүү белектер менен келди. Алар 64 даанадан турган керектүү буюмдар. Бул буюмдар менен райондогу бардык 30 мектептин мугалимдери үчүн класстарга керектүү мугалимдерге кийим илгенге шкафтар берилет. Маданият үйүнүн фойесинде алдын ала төрт шкаф көргөзүлдү.

Ошондой эле ишкана Чүй облустук «Мугалим-2022» сынагында 1-орунга ээ болгон, республикалык ушул сыяктуу сынакта байгелүү орун алган Чым-Коргон орто мектебинин мугалими Айталиева Дильназды сыйлады.

Райондун мугалимдеринин атынан «Алтынкен» ЖЧКсына ыраазычылык сөздөрүн райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу А. Ниязалиева сүйлөдү.

«Алтынкен» ЖЧКсы Кемин районунун элинин жыргалчылыгы үчүн достукту, өз ара пайдалуу кызматташтыкты чыңдоого ар дайым даяр.

Нурзада АКМАТ